TURKPA
PARLIAMENTARY ASSEMBLY OF TURKIC-SPEAKING COUNTRIES

Айлана чөйрө жана табигый ресурстар боюнча комиссия

Сунуштама

COM/ENR/REC/001/FINAL

**ТӨРТҮНЧҮ ЖЫЙЫН**

*14-СЕНТЯБРЬ,2018-ЖЫЛ, БИШКЕК ШААРЫ*

**ГЕНЕТИКАЛЫК ЖАКТАН ӨЗГӨРТҮЛГӨН ОРГАНИЗМДЕРДИН (ГМО) ЖАЙЫЛЫШЫНЫН КЕСЕПЕТТЕРИ**

Парламенттик Ассамблея:

- Дүйнөлүк азык-түлүк маселесин чечүүдө ГМО-нун жана ГМО камтылган продуктулардын маанилүү ролун;

- ГМО азыктарынын, адамдын ден соолугуна, биологиялык көп түрдүүлүккө жана айлана-чөйрөгө тийгизген терс таасиринен келип чыккан тынчсыздануулардаы;

- ГМОнун трансчегаралык кыймылын жөнгө салуучу биокоопсуздук боюнча кабыл алынган Картахен протоколунун, Биологиялык ар түрдүүлүк (Конвенция о биологической разнообразии) жөнүндөгү макулдашууда айтылган эскертүүлөрдү;

- ТҮРКПАга мүчө өлкөлөр тарабынан ГМОнун терс таасирлери жөнүндө өткөрүлгөн семинар, жыйындарды, угууларды жана башка иш-чараларды колдоого алуунун маанилүүлүгүн;

- Түркия Улуу Улуттук Жыйынынын колдоосу менен Генетикалык жактан өзгөртүлгөн организмдердин мыйзам-ченемдүүлүгүн ишке ашыруу боюнча ТҮРКПАга мүчө өлкө өкүлдөрүнүн катышуусунда, 2018-жылдын 16-18-Апрель күндөрүндө Стамбул шаарында өткөрүлгөн семинардын маанилүү ролун;

Tel:+99412 5635835 | Fax:+99412 5635834 | info@turk-pa.org | www.turk-pa.org | /turkpaorg /TURK_PA
Address: 106, S.S Akhundov str., microdistrict 7, AZ1116, Binagadi / Baku / Azerbaijan

- ГМО камтыган азыктарды өстүрүү, өндүрүү, ташып келүү жана сатуу иш аракетин көзөмөлгө алуу үчүн ТҮРКПАга мүчө-мамлекеттердин ортосундагы кызматташтыкка муктаждык бар экенин;

Эске алуу менен бирге, төмөнкү маселелер боюнча бир келишимге келди:

a. Биотехнологияны – айыл-чарбаны өнүктүрүү стратегиясынын ажырагыс бөлүгү катары кабыл алуу;

b. Биологиялык ар түрдүүлүктү жана биологиялык коопсуздукту сактоо күч-аракеттерин бекемдөө жана бул жаатта макулдашып иш алып баруу;

c. Ишенимдүү, илимге негизделген жана ачык-айкын ченемдик укуктары бар биологиялык жөнгө салуу системасын иштеп чыгуу жана кабыл алуу;

d. Белгиленген айлана-чөйрөгө жана адамдын коопсуздугуна тийиштүү ГМОго байланыштуу иш-чараларды жөнгө салуу талаптарын жөнөкөйлөтүү;

e. Тийиштүү ар кандай улуттук компетенттүү органдар астында биокоопсуздук боюнча саясатын жөнгө салуу;

f. Өз алдынча актуалдуу, биокоопсуздук менен байланышкан маселелер боюнча илимий-изилдөө маалыматтарды түзүү, өзгөчө атап айтканда биологиялык ар түрдүүлүккө таасири тийген маселелер;

g. Окуу программасына, айыл чарба жана биотехнология боюнча курстарды киргизүү жана тиешелүү окуу куралдарын иштеп чыгуу;

h. Илимпоздорду биотехнология тармагында эле эмес, ага байланышкан илим жана байланыш көндүмдөрү жаатында дагы даярдап чыгуу;

i. Биотехнология жана биокоопсуздукту өнүктүрүү боюнча ийгиликтердин тарыхынын, статустук баяндамалардын жана интернет-маалыматтык системасын иштеп чыгуу;

j. Илимий изилдөөчүлөр, Жарандык Коом мүчөлөрү, дыйкан бирикмелери жана керектөөчү топтордун ортосундагы карым-катнашты уюштуруу, өз ара диалогду түзүп берүү;

k. ГМОнун коркунучун баалоо жана бул коркунучту контролдоо боюнча регионалдык/суб-регионалдык деңгээлде протокол боюнча кызматташууну жөнгө салуу жана ылайыкташтыруу;

*l.* Биотехнологияны жана биокоопсуздукту өнүктүрүү жана интеллектуалдык менчик маселери боюнча регионалдык/субрегионалдык маалымат борборлорун түзүү;

*m.* Туруктуу өнүктүрүү боюнча облустук борборлордо кызмат кылуу үчүн иштеп жаткан бир катар улуттук институттарды күчөтүү;

*n.* Бул маселе боюнча мүчө-мамлекеттердин ортосундагы натыйжалуу регионалдык жана эки тараптуу кызматташтыкка багытталган иш-аракеттерди күчөтүү;

o. ТҮРКПАга мүчө-мамлекеттердин ортосундагы ГМО маселесине байланыштуу кызматташтыктын артыкчылыктуу багыттарын белгилөө.